КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
А. МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ



2022-2026-жылдарга карата
ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ

Ош 2022

Стратгиялык план 2022-жылдын 24-октябрындагы ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинин №1 отурумунда бекитилген

1. Жалпы маалыматтар

Ош гуманитардык педагогикалык институту өлкөбүздөгү окуу жайлардын арасында эң алгачкы ачылган окуу жайы болуп эсептелет. Университет өзүнүн ишмердүүлүгүн 1925-жылы атайын педагогикалык окуу жайы ачылгандан баштап жүргүзүп келет.

Азыркы учурда ОшМПУ өлкөбүздүн алдыңкы окуу жайларынын катарын толуктап, билим, илим, маданият жана спорттун тынымсыз өнүгүп келе жаткан борбору болуп саналат.

Университеттин курамын 6 факультет, 1 колледж түзөт.

Окуу жай кесипкөй педагогдорду (мектепке чейинки билим берүү, башталгыч класстарга билим берүү, биология, химия, география, математика, информатика, чет тилдер (англис тили, кытай тили), орус тил жана адабияты, кыргыз тил жана адабияты, дене тарбия мугалими) даярдоо менен бирге аккредитациялык көрсөткүчтөрдүн талабына ылайык «университет» деген наамга дал келет.

2. ОшМПУнун миссиясы

Билим берүүдө сапат кепилдигин камсыздоо менен коомдун өнүгүүсүнө салым кошо алган, интеллектуалдык потенциалы жогору, атаандашууга жөндөмдүү, дүйнөлүк деңгээлге интеграцияланган, педагогикалык, социалдык-экономикалык багыттагы жогорку жана орто кесиптик компетенттүү адистерди даярдоо.

3. ОшМПУнун стратегиялык өнүгүү программасынын жалпы максаттары.

Бул стратегиялык программаны иш жүзүнө ашыруунун негизгиси болуп, ОшМПУнун өз алдынча билим берүүчү окуу жай катары таанытуу жана статусун сактоо, кесипкөй педагогдорду даярдоодо колдонулуучу билим жана илимий борборлорду өнүктүрүү, замандын деңгээлине жараша илимий изилдөөлөрдү аткаруусун камсыздоо.

Ар кандай багыттар боюнча стратегиялык өнүгүүнүн программасы төмөндөгүлөргө багытталган;

- университеттин уюштуруу түзүмүн жакшыртуу, башкаруунун эффективдүүлүгүн жакшыртуу;
- билим берүү процессин жакшыртуу жана өнүктүрүү (мазмуну жана уюштуруу);
- илимий изилдөө процесстерин жакшыртуу жана өнүктүрүү;
- окуу жайдын инновациялык ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана өнүктүрүү;
- билим алуучулардын сапаттуу контингентин түзүү;
- студенттердин, аспиранттардын, окутуучулардын жана илим изилдөөчүлөрдүн ички жана эл аралык мобилдүүлүгүн жакшыртуу жана өнүктүрүү;
- студенттердин практикалык даярдыгы окуу жай менен макулдашылган мекемелерде, практика жүзүндө өтөт;

- окуу, илимий жана инновациялык инфраструктураларды жаңылоо.

3.1. Билим берүү ишмердүүлүгү

Негизги максаты – жогорку билим берүүнүн заманбап моделинин университетциялдык жана нормативдик түзүлүшүн камсыздоо менен экономикалык талаптарга ылайык келтирүү. Ага ээ болуу үчүн төмөнкүлөр керек болот:

- билим берүү боюнча жаңы закондорду эске алуу менен бирге нормативдик-укуктук жана илимий методикаларды оңдоп жаңылоо жана аны менен окуу ишмердүүлүгүн камсыздоо;

- Кыргызстандын жана КМШ өлкөлөрүнүн маданият жана социалдык экономикалык өнүгүүсүнө керек кадрларды даярдоодо колдонулган билимдин жаңы моделин кабыл алуу жана иш жүзүнө ашыруу, личносттун үзгүлтүксүз билим алуусун канааттандыруу;

- ОшМПУнун бүтүрүүчүлөрүн күчтүү, билимдүү, кесипкөй адис болууга даярдоо, аларды керектүү компетенциялар менен камсыздоо;

- окуу ишмердүүлүгүндө маалымат технологияларын кеңири, эффективдүү, системалуу колдонуу үчүн окуу жайдын ар бир бөлүмдөрүн компьютердик, мультимедиялык кааналар менен жабдуу;

Милдеттери:

1. Абитуриенттердин ЖРТ тестинин жыйынтыгына карап, сапаттуу студенттерди кабыл алуу, алардын өз кесибин тандоодогу жоопкерчилигин эске алуу;
2. Ар бир жаңы келген студент окуу жайдын талаптарына ийгиликтүү адаптация болуусу, жаңы окуу программаларды тез өздөштүрүүсү үчүн алардын даярдыгынын деңгээлин оперативдүү түрдө аныктоо;
3. Мамлекеттик билим берүүнүн жаңы стандартарына план менен, ырааттуу, максаттуу түрдө өтүүнү иш жүзүнө ашыруу, ошондой эле бул процесстин жүрүшүндө нормативдик документтер, илимий-усулдук, окуу-усулдук, маалыматтык материалдар менен камсыздап, көз салып башкарып туруу;
4. Профессордук-окутуучулук курамдын окуу процессинин жаңы механизмдерине өтүү жолдорун түшүндүрүү ыктары, түрлөрү, окуу ишмердүүлүктүн сапатын баалоонун жаңы формаларын үйрөтүп кайра даярдоочу курстарды уюштуруу жана ишке ашыруу;
5. Университет ичинде жана окуу жайлар аралык деңгээлдеги ОшМПУ көрсөтүүчү билим берүүнүн кызматтарынын тизмесин түзүү жана алардын сапатын, ага болгон суроо талапты баалоочу жаңы механизмдерди жана критерийлерди иштеп чыгуу;
6. ОшМПУнун бүтүрүүчүлөрүнүн жумушка жайгашуусун камсыздоо, аларды иш ордуна жайгаштырууда өздөрү макул болуп тандаган мекемелерге жөнөтүү;

Болжолдуу жыйынтыктары

1. «Билим берүү ишмердүүлүгү» боюнча аккредитациялык көрсөткүчтөрдү аткаруу, туура келген квалификациялык процедуралардан ийгиликтүү өтүү;
2. ОшМПУнун базасында областтын, республиканын деңгээлинде алдыңкы илимий изилдөөлөрдү, алардын жыйынтыктарын, билим берүү программаларын интеграциялоочу бештен кем эмес илимий – окуу борборлорун түзүү;
3. Билим берүү, илимий-изилдөө жана профессордук-практикалык ишмердүүлүктү жөнгө салуучу, атайын адистерди даярдоочу инновациялык программаларды иштеп чыгуу жана аткаруу;

4. Студент окуу жайды бүткөндөн кийин алган билиминин сапаттуулугуна канааттануучу бүтүрүүчүлөрдүн санын көбөйтүү;

5. Окуу жайыбыздан алган билиминин негизинде өз жашоосун, карьерасын кура алган бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу.

3.2. Тарбия берүү ишмердүүлүгү.

Негизги максаты – адептүү, ички дүйнөсү бай, маданияттуу жана физикалык жактан денеси чың, келечектеги кесипкөй адисти чыгаруу. Бул максаттарга жетүү үчүн ОшМПУ бир катар иш чараларды өткөрүп, ар дайым көңүл чордонуна алат.

Биздин бул максатыбызды ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй иш аракеттер талап кылынат:

- университеттагы кызматкерлердин маданияттуулугун өстүрүү, педагогикалык ишмердүүлүктүн маданий, адеп-ахлактык баалуулуктарын ачып берүүчү гумандык, чыгармачылык чөйрөнү түзүү;

- тарбия берүү иштери личносттун социалдык мааниге ээ болгон, өлкө үчүн өз ишмердүүлүгүмдү так аткарып, салымымды кошуу менен зарыл болгон проблемаларды чечейин деген жоопкерчиликти камтыган жарандык сапаттарды өстүрүүгө, түптөөгө багытталыш керек;

- ЖОЖдо окуп, билим алып личность катары калыптанып жатканда мамлекеттин, коомдун жана өзүнүн кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн бирдей көрүүгө шарт түзүү

- ОшМПУнун студенттерине социалдык жактан мүмкүн болушунча жардам берүү, камсыздоо.

Милдеттери:

- студенттердин коомдогу социалдык маниге ээ болгон ишмердүүлүктөргө катышып, өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтүү үчүн алардын социалдык-гуманитардык фундаментинин түптөлүшүнө көңүл буруу;

- студенттердин өзүн-өзү башкаруу системасынын ар тараптуу өнүгүшүн улантуу, жаштардын коомдук бирикмелерин жана уюмдарын колдоо, алардын коомдук иштерине, демилгелерине дем берүү;

- ОшМПУнун бүтүрүүчүлөрүнүн окууну бүткөндөн кийин окутуучулары менен болгон байланышты үзбөө, бекемдөө;

- студенттерге, аспиранттарга алардын өздөрүнүн багыттары боюнча иш-жүзүндө жетишкендиктерин, кыймыл-аракеттерин эске алуу менен аларга коомдук колдоонуунун түрүн кеңейтүү;

- кошумча окуу ишмердүүлүгүнүн максатын билим берүү жана башка тармактарда профессионал лидер болуп даярдалып чыгышына багыттоо;

- болочоктогу кесипкөйдү личность катары калыптанышына түрткү берүү;

- профессордук окутуучулук курамды жана окуп билим алып жаткан студенттерди социалдык жактан камсыздоочу программаларды ишке ашыруу.

Болжолдуу жыйынтыктар:

- Студенттердин нравалык жана жалпы жарандык сезимин жогорулатуу. Окуу жайдын жана региондорубуздун кадрдык потенциалын толуктоо максатында жаш лидерлерди тартуу;

- Билим алуучулардын жана кызматкерлердин укуктук маданиятынын деңгээлин көтөрүү;

- Студенттердин алган билимдерин жарандык аң сезимге айландыруу менен өз өлкөсүнүн жашоосун иш жүзүндө өзгөртүүгө, ага өз кызматын так аткаруу менен анын өнүгүшүнө чоң салым кошо аларына багыттоо, ынандыруу;

- ЖОЖдун жаштарын социалдык проблемаларды чечүүгө, алардын социалдык жоопкерчилигин өстүрүүгө, ар кандай коомдук мааниге ээ болгон иш чараларга өз өлкөсүнүн жараны катары катышуу милдеттерин жогорулатуу;

- Студенттик өзүн-өзү башкаруу системасын калыптандыруу, жаштардын уюмдарын жана коомдук бирикмелерин колдоо жана алардын социалдык мааниге ээ болгон ишмердүүлүктөрүнө, демилгелерине дем берүү;

- ОшМПУнун бүтүрүүчүлөрүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана кесиптик мобилдүүлүгүн жогорулатуу;

- Жашоонун көркүн көрүп, сезип, баамдап башынан өткөрүүчү студенттердин жеке сапаттарын өнүктүрүү; коомдук пикир алмашуу процессине жигердүү эстетикалык жана моралдык салым кошуу, атайын түзүлгөн адеп-ахлактык жана эстетикалык баалуулуктарга ылайык иш-аракет кылуу жөндөмдүүлүгү;

Ар кандай диний жана этникалык топтордун өкүлдөрү менен баардык кызматкерлер жана студенттер жакшы мамиледе болуусун камсыздоо, экстремисттик көз караштардын жана иш-аракеттердин алдын алуу.

3.3. Илимий изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүк.

Университеттин илимий ишмердүүлүгүнүн негизги максаты-илимий изилдөөлөрдүн жана инновациялык иштеп чыгуулардын натыйжалуулугун өнүктүрүү жана жогорулатуу, өлкөнү өнүгүүсүнө салым кошуу, ошондой эле билим берүүнү, илимди жана өндүрүштү интеграциялоо.

Бүгүнкү күндө ЖОЖдордун илимий жетишкендиктеринин деңгээли аткарылган илимий-изилдөө иштеринин саны, Scopus жана Web of Science маалымат базаларында эл аралык рецензияланган журналдардагы илимий макалалардын саны, патенттер жана коммерциялаштырылган инновациялык жана социалдык долбоорлор сыяктуу илимий-изилдөө натыйжалары менен бааланып жатат.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде илимий иштердин өнүгүү стратегиясы төмөнкү багыттарды өзүнө камтыйт:

- **Илим сыйымдуу билим берүүнү өнүктүрүү**
- **Илимий педагогикалык кадрларды даярдоо**
- **Илимди колдонмо изилдөөлөргө багыттоо;**
- **Изилдөөчүлүк ишмердүүлүктүн сапатын жана илимий иштердин натыйжаларынын жакшыртуу;**
- **ОшМПУда креативдүү лабораторияларды, стартаптарды, илимий жана инновациялык борборлорду түзүү**

УЧУРДАГЫ КЫРДААЛДЫ ТАЛДОО

Заманбап ааламдашуу процесстери өлкөлөр менен континенттерди жакындатып, түрдүү маданияттарды бириктирип, илимди интернационалдаштырууда. Заманбап илим жалпысынан табигый, коомдук жана гуманитардык илимдердин блокторун камтыган татаал өнүгүп жаткан, структураланган система. Дүйнөдө 15 000ге жакын илим бар жана алардын ар биринин өзүнүн изилдөө объектиси жана өзүнүн спецификалык изилдөө ыкмалары бар.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде төмөнкү илимий адистиктер боюнча изилдөөлөр жүргүзүлөт:

13.00.00 Педагогикалык илимдер;

03.00.00 Биологиялык илимдер;

02.00.00 Химиялык илимдер;
07.00.00 Тарых илимдери;
08.00.00 Экономикалык илимдер;
09.00.00 Философиялык илимдер;
10.00.00 Филологиялык илимдер;
22.00.00 Социологиялык илимдер;
25.00.00 Жер жөнүндө илимдер;
05.00.00 Техникалык илимдер.

ОшМПУда илимий иштерди өнүктүрүү стратегиясынын биринчи багыты: илим сыйымдуу билим берүүнү өнүктүрүү.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин илимий-изилдөө ишинин стратегиялык максаты- инновацияларды жаратууга жөндөмдүү жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо аркылуу интеллектуалдык капиталды жана илим сыйымдуу билим берүүнү өнүктүрүү эсептелет.

Бул максатка жетүү үчүн университет өзүнө төмөнкүдөй милдеттерди коёт:

- Кыргызстандагы билим берүү мекемелерин талап кылынган компетенцияга ээ болгон жогорку квалификациялуу кадрлар менен толтуруу;
- Университеттин ишмердүүлүгүнүн багыттары боюнча фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү ишке ашыруу, дүйнөлүк деңгээлдеги атаандаштыкка жөндөмдүү билимдерди жана технологияларды өндүрүү;
- Атаандаштыкка жөндөмдүү педагогикалык кадрларды түзүү;
- Эл аралык илимий жана билим берүү мейкиндигине интеграциялоо;

Коюлган милдеттерди чечүү төмөнкүлөрдү болжолдойт:

- Ата мекендик жана чет өлкөлүк алдыңкы университеттердин окумуштууларын унивесриттин окумуштуулары менен биргеликте илимий изилдөөлөргө тартуу менен **университеттин илимий жүзү** жаңыланат;
- илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө жана эксперттик-аналитикалык иштерде мугалимдердин иш менен камсыз болушун кеңейтүүгө басым жасоо менен профессордук-окутуучулук курамды ырааттуу жаңылоо;
- университеттин алдыңкы окутуучулары жана окумуштуулары керектөө рыногун өнүктүрүү жана билим берүү проблемаларын изилдөө жаатында эл аралык кесиптик коомдоштуктардын, ассоциациялардын жана союздардын активдүү катышуучуларына айланууга тийиш;
- чет өлкөлүк университеттер жана илимий борборлор, илимий басылмалар, компаниялар, эл аралык уюмдар менен сапаттуу жаңы өнөктөштүктөрдү түзүү. Биргелешкен онлайн журналдарды басып чыгарууга, университет үчүн адистештирилген билим чөйрөсүндө биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, конференцияларды жана башка илимий иш-чараларды өткөрүүгө шарт түзөт;
- профессордук-окутуучулук курамдын изилдөө иштерин илимий фонддордун, министрликтердин, эл аралык уюмдардын конкурстарына, гранттарды алууга катышуусу жогорулайт.

ОшМПУда илимий иштерди өнүктүрүү стратегиясынын экинчи багыты: илимий педагогикалык кадрларды даярдоо

Ош мамлекеттик педагогикалык университети Болон процессинин алкагында жогорку билим берүүнүн үчүнчү деңгээли катары аспирантуранын өнүгүшүнө комплекстүү талдоо

жүргүзүп, дүйнөнүн алдыңкы университеттердин тажрыйбаларына таянып илимий педагогикалык кадрларды даярдоонуу өнүктүрүүнү максат кылат.

Бул максатка жетүү үчүн университет өзүнө төмөнкүдөй милдеттерди коёт:

- билим берүү процессине жана билим берүү сапатына кесиптик талаптарды тактоо жана коюу;
- илимий изилдөөлөрдү жана аспиранттарды даярдоону башкаруу системасынын сапатын өркүндөтүү;
- дисциплиналар аралык даярдоону жана жаш окумуштуулардын илимий чөйрөгө киришин камсыз кылуу;
- академиялык мобилдүүлүктү жана илимий коммуникацияларды өнүктүрүү;
- диссертациялык изилдөөлөрдүн илимий деңгээлин жогорулатуу;
- диссертациялык изилдөөлөрдү каржылоону камсыз кылуу.

Коюлган милдеттерди чечүү төмөнкүлөрдү болжолдойт:

- окутуунун натыйжалуулугуна жана сапатына мониторинг жүргүзүү системасы ишке кирет;
- аспиранттарды ири илимий долбоорлорду ишке ашырган илимий топторго киргизүү ишке ашат;
- аспиранттардын кесиптик жана универсалдуу компетенттүүлүгү өнүгөт
- дүйнөнүн алдыңкы илимий билим берүү борборлорунда аспиранттарды даярдоо программаларына катышат

ОшМПУда илимий иштерди өнүктүрүү стратегиясынын үчүнчү багыты: илимди колдонмо изилдөөлөргө багыттоо.

Коомдогу жашоо муктаждыктары илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын ишке ашырууга түрткү болот. Кандай гана илим болбосун параллелдүү эки багыт кошо жүрөт: объективдүү болумуш жана бул болумушту практикада колдонуу. Ошондуктан, изилдөөлөр эксперименталдык-теориялык жана колдонмо изилдөөлөр болуп эки багытта жүргүзүлөт.

Педагогика илиминде предметтин кош бирдиги, бир жагынан, билим берүүнүн коомдук кубулушун изилдеп, экинчи жагынан, билим берүү, тарбиялоо жана окутуу маселелерин чечип жаткандыгы менен аныкталат. Коомдук турмуш жана практика прикладдык изилдөөлөрдү: педагогикалык процессти илимий жактан уюштурууну, балдарды тарбиялоону жана алардын кулк-мүнөзүн калыптандырууну талап кылат. Демек, элдик билим берүү системасын жана мектептин жашоосун уюштуруу үчүн прикладдык илимдер пайда болот. Педагогика илиминде прикладдык жана фундаменталдык предметтердин ортосунда биримдик болушу зарыл.

Бул максатка жетүү үчүн университет өзүнө төмөнкүдөй милдеттерди коёт:

- ОшМПУдагы салттуу жана жаңы багыттагы илимий изилдөөлөрдү (фундаменталдык жана прикладдык) жана иштеп чыгууларды өнүктүрүү;
- Университеттин окумуштуулары тарабынан изилденген ачылыштарды тиешелүү адистиктердин окуу программаларына киргизүү;

Коюлган милдеттерди чечүү төмөнкүлөрдү болжолдойт

- Илим адамга түздөн-түз билим берүү аркылуу таасир этет. Илимий эмгектерди жана жетишкендиктерди изилдөө балдардын өнүгүүсүнө, алардын билимдүү инсан катары калыптанышына өбөлгө түзөт. Заманбап билим берүү процессинин негизин дүйнөнүн илимий сүрөтү түзөт жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсү илимий сунушталган методикаларга таянат;

- ОшМПУнун окумуштууларынын ачылыштары окуу пландарынын вариативдик бөлүмүндөгү предметтердин программаларында окутулат;

ОшМПУда илимий иштерди өнүктүрүү стратегиясынын төртүнчү багыты: изилдөөчүлүк ишмердүүлүктүн сапатын жана илимий иштердин натыйжаларынын жакшыртуу;

Албетте, илим-коомдун маданиятынын эң маанилүү формаларынын бири, ал эми аны өнүктүрүү - адамдын жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүн жаңылоонун маанилүү фактору. Заманбап илим адамдын дүйнө таанымын калыптандырат, техникалык прогресс менен тыгыз байланышта, коомдун өнүгүү божомолун түзүүгө жана программаларды иштеп чыгууга, адамзаттын алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет.

Изилдөөчүлүк ишмердүүлүктүн сапатын жана илимий иштердин натыйжаларынын жакшыртууга жетүү үчүн университет өзүнө төмөнкүдөй милдеттерди коёт:

- Профессордук-окутуучулук курамдын илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын эл аралык илимий-метрикалык маалымат базаларында же Web of Science, Scopus жана ушул сыяктуу «дүйнөлүк цитата индекстеринде» индексацияланган абройлуу ата-мекендик жана чет элдик журналдардан чыгаруу;
- “ОшМПУ жарчысы” илимий методикалык журналдын рейтингин көтөрүү, РИНЦ, Web of Science, Scopus базаларына кошулуу;
- РИНЦ, Web of Science, Scopus базаларынан жарыка чыккан илимий макалалардын таасирин көзөмөлдөө

Коюлган милдеттерди чечүү төмөнкүлөрдү болжолдойт

- Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктары эл аралык илимий-метрикалык маалымат базаларында же Web of Science, Scopus жана ушул сыяктуу «дүйнөлүк цитата индекстеринде» индексацияланган абройлуу ата-мекендик жана чет элдик журналдардан жарыка чыгат;
- Профессордук-окутуучулук курам тарабынан эл аралык илимий-метрикалык маалымат базаларында жарыяланган илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары кесипкөй коомчулукка тийгизген таасири берилген шилтемелер аркылуу өлчөнөт;
- 5 жыл аралыгында “ОшМПУ жарчысы” илимий методикалык журналдын рейтинги жогорулайт.

ОшМПУда илимий иштерди өнүктүрүү стратегиясынын бешинчи багыты: креативдүү лабораторияларды, стартаптарды, илимий жана инновациялык борборлорду түзүү

Бүгүнкү күндө инновациялар бүткүл дүйнө жүзү боюнча жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги фактору болуп саналат.Заманбап бизнес барган сайын технологиялык өнүгүүлөргө жана илимий ачылыштарга негизделип, ал эми илимпоздор инвестициялык компанияларга иштеп же өздөрүнүн стартаптарын иштетип жатат**.** Айрыкча биздин өлкөдө илим ишкердүүлүккө ыктап жаткан учуру.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети студенттердин, магистранттардын жана жаш окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын, ойлоп табууларын ишке ашырууга каржылоону жана жагымдуу шарттарды түзүүнүн максат кылат.

Бул максатка жетүү үчүн университет өзүнө төмөнкүдөй милдеттерди коёт:

- Университетте жаңы заманбап лабораторияларды ачуу, инновациялык технологияларды сатып алуу;

- Университетте бизнес долбоорлор борборун түзүү;
- студенттердин жана жаш окумуштуулардын ишкердик активдүүлүгүн өнүктүрүү, алардын илимий демилгелерин апробациялоого көмөк көрсөтүү;
- илимий изилдөөнү талап кылган өндүрүмдү же технологияларды түзүү, иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессине студенттер менен жаш окумуштууларды тартуу;
- ишкердик иш, инвестициялык университеттар жана мамлекет менен өз ара аракеттенүү маселелери боюнча студенттердин теориялык билим деңгээлин жана кесиптик көндүмдөрүн жогорулатуу;
- университеттин, шаардын, республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн келечектүү болгон ишкердик долбоорлорду түзүү.

Коюлган милдеттерди чечүү төмөнкүлөрдү болжолдойт

- Инновациялык технологиялар жождун илимий-изилдөө иштерин, илимий долбоорлорду жана илимий иш-чараларын аткаруу үчүн базалык платформалар болуп саналат. Заманбап лабораторияларды ата мекендик жана чет элдикалдыңкы окумуштуулар менен биргеликте илимий изилдөөлөр ишке ашат;
- Бизнес долбоорлор борборунда ар бир окуу жылында ондогон бизнес долбоорлор ишке ашат.
- Студенттер менен жаш окумуштуулардын инновациялык жана ишкердик демилгелери ишке аша баштайт, атаандаштыкка жөндөмдүү инсан тарбияланат;
- Социалдык жоопкерчиликти жана ишкердикти өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт;
- Билим берүү, илим жана инновация тармагындагы эл аралык долбоорлорго катышуу ишке ашат.

3.4. Окуу жайдын финансылык-экономикалык ишмердүүлүгү жана материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү

Негизги максаты – ОшМПУнун окуу жай катары өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүнү камсыздоочу финансылык-экономикалык жана материалдык-техникалык базасын ирилештирүү.

Аны ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- бюджеттин киреше бөлүгүн өз калыбында сактоо жана аны жогорулатуу менен университеттин ишмердүүлүгүнүн туруктуулугун камсыздоо. Билим берүү, илимий жана башка кызматтарды көрсөтүү менен тартылган каражаттардын көлөмүн көбөйтүү жана номенклатураны кеңейтүү; чыгымдарды азайтуу жолу менен финансылык каражаттардын натыйжалуу колдонулушун жогорулатуу;
- университеттин бардык ишмердүүлүктөрүн заманбап жабдуулар менен тийиштүү деңгээлде жабдуу жана ага кетчү каражаттардын натыйжалуу колдонулушун колго алуу;
- өнүгүүнүн стратегиялык багыттарына жумшалуучу каражаттарды каттууу көзөмөлгө алуу;
- КР мыйзамдарына жана билим берүү программалардын лицензияларына ылайык билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө керектелүүчү ОшМПУнун менчик имараттарын, курулуштарын, турак жайларын жана аймактарын тиешелүү тартипте кармоо.

Милдеттери

1. Азыркы базар шартында ОшМПУнун экономикалык механизмдеринин иштөөсүн жана анын башка баардык түзүлүштөрүн мыктылоо.
2. ОшМПУнун каржылык туруктуулугун камсыз кылуу жана университет толук кандуу иш жүргүзүү үчүн керектелген ресурстар менен камсыздоону уюштуруу.
3. Кошумча каржылоо алуу үчүн юридикалык жана физикалык жактардан спонсордук каражаттарды тартуу.
4. Студентердин жана кызматкерлердин окуу ишмердүүлүгүнө шарт түзүү максатында университеттин өнүккөн жана тынымсыз иштөөчү инфраструктурасын түзүү.
5. Китепканаларды илимий-интеллектуалдык борборлорго айландыруу, анын китептик фондун жаңылоо жана көбөйтүү, кеңейтүү, жаңы маалымат технологияларын кийирүү.

Болжолдуу жыйынтыктар

1. Инновациялык багыттагы ишмердүүлүктөрдү, жаңы проектилерди каржылоо.
2. Окуу корпусундагы жана жатаканадагы болуп жаткан капиталдык ремонтторду өз учурунда жүргүзүү, окуу жайдын аянттарын, киребериш жерлерин кайсы жыл мезгили болбосун таза кармоо.
3. Окуу корпусунун ичиндеги маалымат доскаларын, стенддерди каржылык, материалдык жактан камсыздоо жана уюштуруу. Алардын маани-маңызын, сапатын көзөмөлдөп баа берүүчү комиссия мүчөлөрүн түзүү.
4. ОшМПУнун квалификациясын жогорулатуу максатында аларды окууларга жөнөтүү.

3.5. Университетту башкаруу

Жалпы максаты – билим берүүдөгү жаңы сапаттардын талаптарына ылайык, жоопкерчиликтүү жана сапаттуу болгон, ийгиликтерге алып барып окуу жайыбыздын өнүгүүсүнө салым кошкон билим берүүнүн системасын тандап алып, аны менен иш алып баруу.

Бул максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн биз окуу жайда стратегиялык башкарууну этап менен жүргүзүүбүз зарыл:

1. ОшМПУнун ишмердүүлүгүнө диагностикалык анализ жүргүзүү.
2. ОшМПУнун ар кандай кырдаалдарга карабастан өнүгүүсүн камсыздоо максатында анын ишмердүүлүгүн стратегиялык план менен алып баруу, комплекстүү программаларды иштеп чыгуу.
3. ЖОЖдун стратегиялык планын жүзөгө ашуусун башкаруу, көзөмөлгө алуу, анын приоритеттерин, этаптарын аныктап, натыйжалуулугунун мониторингин түзүү.

Ар бир этап төмөнкүлөрдү камтыйт:

- университеттин өз ишмердүүлүгүн алып барууда мамлекеттик жана жергиликтүү баардык мыйзамдарды жана нормативдик актыларды сактоо;
- окуу жайды башкарууда түптөлүп калган салт менен башкаруунун жаңы формаларын айкалыштырып башкаруу ишин уюштуруучу уюмдун структурасын оптимизациялоо;
- окуу жайдын өнүгүүсүн ишке ашыруучу, анын ишмердүүлүгүнө салым кошуучу кызматкерлерге конкреттүү талаптарды коюу, туура маалыматты камтыган саясатты жүргүзүү менен алардын байланышын, коммуникациясын бекемдеп, чыңдап өстүрүү жолу менен ОшМПУнун коллективинин туруктуулугун сактоо, анын ишмердүүлүгүн үзгүлтүккө учуратпоо;

- жумуштагы ар кандай маселелерди коллектив менен биргеликте чечүү, жетекчилер жана ар бир кызматкерлер кылган иштерин жоопкерчилик менен аткаруу, алардын өздөрүнө таандык иштерди так аныктап берүү.

Милдеттери

1. ОшМПУнун ишмердүүлүгү учурунда ар кандай тобокелдерди эске алуу менен терс таасирлердин алдын алуу, аларды аныктоо.
2. ОшМПУда жетекчиликтин берген маалыматтары өз даректерине туура жана так жеткирилишин көзөмөлдөө.
3. Керектүү специалисттерди окутуп, даярдап чыгуу үчүн, университеттин жамааты регионалдык эмгек рыногу, жана анын ар бир сектору (мамлекеттик жана муниципиалдык мекемелер, иш каналар, ийри жана чакан бизнес структуралар) менен тыгыз байланышта болуу.
4. Үзгүлтүксүз билим берүү системасында ОшМПУнун инновациялык багытта өнүгүшүнө бүтүндөй колдоо көрсөтүү. Окуу жайда иновациалык ишмердүүлүктү башкаруучу структураны, эксперттик кеңешти түзүү.
5. Башкаруу ишинин баардык багыттары боюнча жыйынтыктардын мониторинг системасын иштеп чыгуу; зарыл болгон структуралык биримдиктерди түзүү (уюштуруучулук жана башкаруу, сапатына мониторинг жүргүзүү борбору, маркетинг кызматы жана башка), администрациянын башка билим берүү ишмердүүлүктөрүнүн субьектилери менен байланыштарды профессионалдык деңгээлде камсыз кылуу.
6. Окуу жайлар арасында жүрүүчү аттаандаштыкка туруштук берүүчү кырдаалдарды башкаруу.
7. Окуу жайдын пресстиждүүлүгүн сактап, анда окуган студенттерге жана кызматкерлерге сапаттуу кызмат көрсөтүү.

Болжолдуу жыйынтыктар

ЖОЖдун убакыттын талаптарына, чакырыктарына татыктуу жооп бериши.

Сапаттуу, заманбап билим берүүдө мамлекеттин, калктын ар кандай топторунун жана жеке личносттордун талаптарын канааттандыруу.

Айлана-чөйрөдө болуп жаткан маданий, политикалык жана экономикалык тармактардын өзгөрүшүнө көнүгүү, адаптация болуу, билим берүү кызматтарынын ассортименттерин көбөйтүү.

Инновациялык билим берүү кызматтарын көрсөтүү учурунда материалдык-техникалык, илимий-усулдук, уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрүн сарамжалдуулук менен колдонуу.

Стратегиялык өнүгүүнүн артыкчылыктарына топтолгон материалдык жана каржылык өзүн-өзү актай алчу, жогорку деңгээлдеги илимий жана билим берүү проектилерине түздөн-түз каржылык колдоо көрсөтүү.

ОшМПУнун баардык категориядагы кызматкерлерин жалпы командалык ишмердүүлүккө тартуу, жалпы максаттарга жана жекелик жыйынтыктарга жетүү үчүн түрткү берүүчү мотивацияны жогорулатуу.

ОшМПУнун билим берүү кызматтарынын сапатына ар бир студенттинин жана кызматкердин канааттанышы, институтта позитивдүү моралдык-психологиялык климатты бекемдөө.

ОшМПУнун карамагында болгон финансылык жана материалдык каражаттарды натыйжалуу колдонуу, ошону менен бирге каржылык туруктуулукту жогорулатуу.

Университеттин билим берүү, илимий, маданий жана коммуникативдик ишмердүүлүктөрүнүн башка бөлүктөрүнө каражаттарды негиздүү, жоопкерчилик менен бөлүштүрүү.

Окуу жайда жана анын башка бөлүмдөрүндө акча каражатынын жетишпегендигинин алдын алуу, материалдык жана финансылык каражаттарды башкарууда жетекчилердин жана кызматкерлердин жоопкерчилигин жогорулатуу, каржылык дисциплинаны катуу көзөмөлгө алуу, андан сырткары чыгаша менен кирешелердин балансын кармоо.

Университеттин стратегиялык өнүгүүсүн ишке ашыруу механизмдери атайын биргелешип түзүлгөн программаларда, проектерде, иш пландарда көрсөтүлгөн. Ал иш пландардын аткарылышы билим берүү процессиндеги жаңылануууда, модернизациялануууда керек болгон компененттүү, жаңы типтеги педагогдорду даярдап чыгып, биздин билим берүүчү мекемелерди камсыздайт.

ОшМПУда **2022-6-жылдарга** карата бул багытта төмөнкү максаттуу программалар түзүлүп, иш жүзүнө ашууда:

1. Университеттин билим берүүнүн **сапаты бөлүмүнүн** ишин өркүндөтүү программасын түзүү жана кесиптик билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү;
2. ОшМПУга жаңы алынган студенттер боюнча ишмердүүлүгүнүн комплекстик программасын түзүү;
3. Жогорку квалификациядагы илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, инновациялык илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн комплекстик программасы.
4. Университетту маалыматташтыруу программасы.
5. Китепкананын маалыматтык интеллектуалдык борборун өстүрүү программасы.
6. Окуу жайда тарбиялык иштерди өнүктүрүүчү программа.
7. ОшМПУнун студенттеринин коомдук иштерге активдүү катышуусун камсыздоочу программа.
8. ОшМПУнун студенттеринин адеп-ахлактык жактан өнүктүрүүчү программа.
9. Бүтүрүүчү курстардын студенттеринин ишке жайгашуусуна алардын эмгек рыногуна көнүгүнө көмөк көрсөтүү.
10. Жогоруда аты аталган прогарммалар жемиштүү болуп, жакшы жыйынтыктарды берсе **2026-2031-жылга** чейин узартылат.
11. Актуалдуу программалар, приоритеттүү проектилер үзгүлтүксүз иштелип чыгып турат. **2022-2023- окуу жылынан** баштап төмөндөгү атайын түзүлгөн программалар активдүүлүк менен киргизиле баштайт.
12. ОшМПУнун окутуучулук курамын билим берүү системасынын жаңы талаптарына жооп берүүчү, заманбап багытында оптималдаштыруу. Студенттерди билим берүүдө жана башка чөйрөдөгү жумуштарда жаңы технологияларды колдонуу менен иштөөсүнө даярдоо.
13. Окуу жайда билим алып жаткан студенттердин контингентин сактап калуучу иштерди оңдоп түзөөчү, алдын алуучу системаны түзүү.

Программаларды ишке ашырууда акчалай камсыздоо.

Окуу жайдын стратегиялык өнүгүү программасы ар тараптуу каржылоону, өнүктүрүүнү камсыз кылат, ошондой эле ар кандай максаттагы программалардын толук кандуу иштөө үчүн каржылык фонддорун түзөт.

Бул программаларды аткарууда керектелген каражаттар окуу жайдын бюджетине киргизилген эмес. Алар ар кандай конкурстардан, гранттардан алынган каражаттар болуп эсептелет.

Программалардын ишке ашуусун башкаруу.

ОшМПУнун ишмердүүлүгүндө замандын талабына жооп берген инновациялык программалар жана долбоорлорду иштеп чыгуу маселеси каралган жана алар төмөнкү пунктардын негизинде ишке ашат:

1. Ректордун буйругу менен инновациялык проекттерди жана программаларды иштеп чыгуучу комиссиянын курамын түзүү.
2. Инновациялык проекттер жана программалар ОшМПУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунушталып, бекитилет.
3. Конкреттүү долбоорлордун жетекчилери дайындалат:

«Билим берүү ишмердүүлүгүн» - окуу жана тарбиялык иштер боюнча проректорлор,
«Илимий изилдөө ишмердүүлүгүн» - илимий иштер боюнча проректор жетекчилик, «Каржылык туруктуулук жана ресурстук каржылоо багыты» - боюнча башкы эсепчи, ошондой эле чарбалык иштер боюнча проректор иш алып барат.

Алардын функциялары төмөндөгүлөр:

Окуу жайдын программаларды жүзөгө ашыруучу ишмердүүлүгүн уюштуруу;

Инновациялык программаларды жана долбоорлорду жүзөгө ашыруучу аудиттерди өткөрүү;

Программалардын негизги маселелеринин аткарылып жатышы боюнча мониторинг түзүү, ага көз салуу;

Коюлган тапшырмаларды аткаруу үчүн кеткен каражаттарды мобилдештирүү;

Жумушту аткаруу учурунда бир этапты бүтүп, экинчи этапка өтүү кезинде стратегиялык программаны оңдоп-түзөө;

Программалардын аткарылышында кандайдыр бир ийгиликтерге жетишкен персоналдарды моралдык жана материалдык жактан колдоо көрсөтүү;

Бул программалардын аткарылуу процесстери, анын жыйынтыктары ОшМПУнун Окумуштуулар кеңешинде талкууланат.

Таблица-1. Стратегиялык пландын аткаруу мөөнөтү жана жооптуу бөлүмдөр

МАКСАТТАР	СТРАТЕГИЯЛАР	ЖООПТУУ БӨЛҮМДӨР	Аткаруу мөөнөтү (жылдар)				
			2022	2023	2024	2025	2026
1-максат: ОшМПУда билим берүүнүн сапатын камсыздоо	1.1 Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген 2022-2026-жылдарга карата стратегиялык планды иштеп чыгуу жана бекитүү	Ректорат, Окуу бөлүмү, Окумуштуулар кеңеши	+				
	1.2. Билим берүү сапатын камсыздоодо сапат менеджментинин документтештирилген тутумун жандандыруу	Ректорат, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары	+	+	+	+	+
	1.3. ОшМПУда билим берүүнүн сапаты жана аккредитация бөлүмүн кайрадан түзүү	Ректорат, Окуу бөлүмү	+				
	1.4. Окуу жайдын академиялык беделин жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо иш чараларын уюштуруу	Ректорат, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Декандар	+	+	+	+	+
	1.5. Орто кесиптик адистиктерди, бакалавриат жана магитратура бөлүмдөрүн көз карандысыз агенттиктерден аккредитациядан өтүүгө даярдык жана өтүү процедуралары	Ректорат, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Декандар, окутуучулар, студенттер, магистранттар	+	+	+	+	+
2-максат: Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана аларды баалоо	2.1. КРББжИМ тарабынан киргизилген өзгөртүүлөргө байланыштуу ОшМПУда даярдалуучу жогорку жана орто кесиптик багыттар жана адистиктер боюнча , негизги билим берүү программаларын түзүү жана бекитүү	Кафедра башчылары, Декандар	+	+			

	2.2. Иш берүүчүлөрдү чакыруу менен билим берүү программасын мониторингдөө жана мезгили менен баалоо	Кафедра башчылары, Декандар Билим берүүнүн сапаты бөлүмү	+	+	+	+	+
	2.3. Ар бир окуу-жылынын аягында окуу тарбия жана билим берүү иш аракетинин натыйжалуулугуна баа берүү максатында студенттерден, ата-энелерден, иш берүүчүлөрдөн анкета алуу	Кафедра башчылары, Декандар Билим берүүнүн сапаты бөлүмү	+	+	+	+	+
	2.4. Окуу усулдук комплекстерди, силлабустарды жаңыртылган вариантта AVN маалымат системасында жана тийиштүү түзүмдүн интернет баракчасында жарыяланып туруусу	Профессордук-окутуучулук курам	+	+	+	+	+
	3.6. Студенттер үчүн олимпиадаларды жана илим жумалыгын өткөрүү. Кафедранын илимий-методикалык семинарларын, факультеттин декадаларын өткөрүү	Илимий иштер боюнча проректор, Профессордук-окутуучулук курам, кафедра башчысы, декандар	+	+	+	+	+
	2.6. Илимий макала жазуу, жарыялоо, изилдөө ыкмалары, долбоорду иштетүүнү башкаруу боюнча окутуу программаларын уюштуруу	Илимий иштер боюнча проректор, Профессордук-окутуучулук курам.	+	+	+	+	+
3-максат: Инсанга багытталган окутуу жана студенттердин жетишүүсүн баалоо	3.1. Инсанга багытталган билим берүү программаларын окутуу процесстерине киргизүү боюнча семинарларды уюштуруу	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары	+	+	+	+	+
	3.2 Окутуу процессинин сапатын аныктоо максатында, педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн студенттерден анкетирлөөнү өткөрүү	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары	+	+	+	+	+
	3.3. Студенттерден дисциплиналар боюнча билимин текшерүү жана баалоо методдорун	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары	+	+	+	+	+

	иштеп чыгуу жана ишке ашыруу						
	3.4. Инновациялык окуу-усулдук ресурстарды, педагогикалык усул-дарды, формаларды жана техноло-гияларды колдонуу боюнча семинар-тренингдерди уюштуруу	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары	+	+	+	+	+
	3.5. Структуралык бөлүмдөр өз багыттарына кирген тийиштүү жарандык коом жана кесиптик уюмдар арасында кызматташтыкты күчөтүү	Кафедра башчылары, декандар	+	+	+	+	+
4-максат: ОшМПУга студенттерди кабыл алууну уюштуруу, билим берүүнүн натыйжаларын жогорулатуу жана студенттерди бүтүрүү	4.1. Ар бир бөлүмдө ЖРТ боюнча эң жакшы 100, 500, 1000, 5000 тобуна кирген абитуриенттерди кабыл алынышын камсыздоо	Кабыл алуу комиссиясы	+	+	+	+	+
	4.2. Ар бир багыт, программа жана адистик боюнча маалымат пакетти даярдоо жана чыгаруу.	Кафедра башчылары	+	+	+	+	+
	4.3.Мектептерде таанытуу боюнча презентацияларды өткөрүүнү өркүндөтүү жана бүтүрүүчүлөр иштеген ишканалар менен байланышты өнүктүрүү	Кафедра башчылары, Профессордук-окутуучулук курам, Кабыл алуу комиссиясы	+	+	+	+	+
	4.4.Бүтүрүүчүлөргө таандык маалыматтык базаны өнүктүрүү	Кафедра башчылары	+	+	+	+	+
	4.5.Ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу	Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Эл аралык мамилелер жана инвестиция боюнча департамент	+	+	+	+	+
	4.6.Орто кесиптик адистиктерди көз карандысыз аккредитациядан өткөрүү	Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Колледждин директору, окутуучулар, студенттер			+		
	4.7.Жогорку кесиптик билим берүү программаларын көз карандысыз	Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары,				+	

	аккредитациядан өткөрүү	Декандар, окутуучулар, студенттер					
	4.8. Студенттерди эл аралык олимпиадаларага катыштыруу	Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Декандар, окутуучулар, студенттер	+	+	+	+	+
	4.9. Курстук жана бүтүрүүчү квалификациялык иштердин сапатын көтөрүү үчүн антиплагиат программасынан өткөрүү	Кафедра башчылары, Декандар, окутуучулар, студенттер		+	+	+	+
5-максат: Профессордук-окутуучулук курамдын компотенттүүлүгүн жана квалификациясын жогорулатуу	5.1. Окутуучуларды жана окутуучулук-көмөкчү курамды ишке алууда компетенттүүлүгүн, квалификациясын камтыган критерийлерди жана жоболорду иштеп чыгуу жана бекитүү	Кафедра башчылары, Декандар	+				
	Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын кесиптик жана жеке инсандык өнүгүүгө багытталган квалификация жогорулатуу курстарынын санын арттыруу	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары	+	+	+	+	+
	Окутуучулардын илимий эмгктерин эл аралык илимий басылмадаларда (SCOPUS, Web of seince) жарыялануусун колго алуу жана жарыялагандарга сый акы ажыратуу	Кафедра башчылары, Декандар, окутуучулар	+	+	+	+	+
	Окутуучу-профессордук курамдын ичинен окумуштуулук наамы жана илимий даражасы бар компетенттүү окумуштуулардын санын арттыруу жана колдоо көрсөтүү	Ректорат Илимий иштер боюнча проректор	+	+	+	+	+
	Окутуучулардын жана студенттердин ички жана сырткы мобилдүүлүк боюнча иш аракеттерин күчөтүү	Кафедра башчылары, Декандар	+	+	+	+	+
	Чет элдик Окумуштуулар менен байланыш түзүү:	Ректорат Илимий иштер боюнча проректор,	+	+	+	+	+

	• алар менен биргелешкен илимий темаларды аныктоо жана бекитүү; • жаш Окумуштуулар ды бул ишке тартуу; • чет элдик Окумуштуулар ды илимий жетекчиликке тартуу	Кафедра башчылары					
	Эмгек акыга кошумча акыны белгилөө үчүн профессордук-окутүчулук курамды аттестациялоодон өткөрүү	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Декандар		+	+	+	+
	Эмгекке шыктандыруу максатында кызматкерлердин ишмердүүлүгүнө ажараша эмгек акысын 10%тен 30%ке чейин көтөрүү	Ректорат, башкы эсепчи	+	+	+	+	+
	Инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча тренингдерди жана семинарларды уюштуруу	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Декандар	+	+	+	+	+
	Билим берүү программаларына ылайык келген окуу колдонмолорду жана окуу китептерин жарыкка чыгарууга материалдык көмөк көрсөтүү	Ректорат, башкы эсепчи	+	+	+	+	+
	Профессордук-окутутуучулук курам арасында илимий-изилдөө иштери боюнча конкурстарды уюштуруу	Илимий иштер боюнча проректор	+	+	+	+	+
	Окутуучулук курамды алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө квалификацияны жогорулатуу боюнча курстарга жөнөтүү	Окуу бөлүмү, Кафедра башчылары, Эл аралык мамилелер жана инвестиция боюнча департамент	+	+	+	+	+
	Окутуунун инновациялык методдору жана алдынкы технологияларды колдонуу боюнча мастер-класстарды уюштуруу	Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу бөлүмү, Билим берүүнүн сапаты бөлүмү	+	+	+	+	
	“Окутуучулар студенттин көзү менен”	Билим берүүнүн сапаты бөлүмү,	+	+	+	+	+

	аталыштагы анкета алуу	Кафедра башчылары					
6-максат: Материалдык-техникалык базаны чыңдоо жана маалыматтык башкарууну жөнгө салуу	Заманбап 5 кабаттуу окуу корпусун куруу жана ишке берүү	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+	+			
	ОшМПУнун жатаканасынын «Б» блогун капиталдык ремонттон өткөрүү	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+				
	ОшМПУнун колледжинин окуу корпусун капиталдык ремонттон өткөрүү	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+				
	ОшМПУнун Колледжине компьютердик кааналарды ачуу жана интернет менен камсыз кылуу, кошумча лекциялык аудиторияларды ачуу	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+	+			
	Жатаканандын корпусунун чатырын алмашуу	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+				
	Башкы окуу корпусун 2-кабатын толук капиталдык ремонттон өткорү	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи		+			
	«Химиялык лаборатория», «Биохимиялык лаборатория» «Өмүр коопсуздугу» предмети боюнча практикалык кааналарды тиешелүү лабораторлук жабдыктар менен камсыздоо	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+	+			
	ОшМПУнун колледжине актылар залын жана спорттук зал куруп берүү	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи			+	+	
	Жогорку кесиптик билим берүү боюнча ар бир даярдоо багыттарын жана орто кесиптик адистиктерди акыркы 5 жылда чыккан жаңы окуу китептери менен камсыз кылуу	Ректорат, кафедра башчылары, башкы эсепчи Жаңы технологиялар жана китепкана бөлүмү	+	+	+	+	+
	Окуу процессине керектүү компьютердик техникалар менен камсыздоо	Ректорат, кафедра башчылары, башкы эсепчи	+	+	+	+	+
	Окуу процессине керектүү интерактивдүү	Ректорат, кафедра башчылары,	+	+	+	+	+

	досклар менен камсыздоо	башкы эсепчи					
	Тил үйрөтүүчү адистиктер үчүн лингофондук кабинеттерди уюштуруу (эки каана)	Ректорат, кафедра башчылары, башкы эсепчи	+	+	+		
	Тил үйрөтүүчү адистиктер үчүн лингофондук кабинеттерди уюштуруу (эки каана)	Ректорат, кафедра башчылары, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+				
	Спорттук аянтка жөө басуучу жана чуркоочу бөлүгүнө резина төшөлмөлөрдү төшөө	Ректорат, кафедра башчыл чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи	+				
	Жатаканада окуу, жашоо жана эс алуу үчүн шарттарды жакшыртуу	Жатаканада окуу, жашоо жана эс алуу үчүн шарттарды	+	+	+	+	+
	ОшМПУнун бардык окуу корпустарын үзгүлтүксүз интернет тармагы, AVN маалымат порталы жана **Wi-Fi** менен камсыздоо	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи, жаңы технологиялар жана китепкана бөлүмү	+	+	+	+	+
	Сырткы воллейбол аянтчасына заманбап резина төшөлмөлөрдү төшөө	Ректорат, чарба иштери боюнча проректор, башкы эсепчи.	+				